**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН СУДЬЯЛАР КОЛЛЕГИЯСЫНЫН АНЫКТАМАСЫ**

**Марипакан Нуржанованын мыйзамдуу өкүлү Толкунбек Боргемиковдун кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө**

2013 – жылдын 23 августу Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы төмөнкү курамында Ж.М. Макешов, М.Ш. Касымалиев, А.О. Нарынбекова, катчы М.Ж. Азарованын катышуусунда, М. Нуржанованын мыйзамдуу өкүлү Т. Боргемиковдун кайрылуусун карап, төмөнкүлөрдү

**т а п т ы:**

М. Нуржанованын мыйзамдуу өкүлү Т. Боргемиков 2013 – жылдын 16 – июлунда Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына (мындан ары – Конституциялык палатасы) 2011 – жылдын 19 – июлунда кабыл алынган Жалал - Абад облосттык сотунун чечимин жокко чыгарып, көзөмөл иретинде арыз келтирүүгө даттануу мөөнөтүн калыбына келтирүүнү сурап кайрылган.

Судьялар коллегиясы кайрылууну жана ага тиркелген материалдарды изилдеп чыгып, өтүнүч боюнча «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамынын 28 – беренесинин 2 – бөлүгүнүн негизинде, текшерүү жүргүзгөн судья Ж.М. Макешовдун маалыматын угуп, төмөнкү тыянакка келди.

Конституциялык палата өзүнүн сот өндүрүшүнүн алкагында Конституциянын 97 – беренесинин 6 – бөлүгүндө жана «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамынын 18 – беренесинин 1- бөлүгүнүн 1 – пунктунда көрсөтүлгөндөй, тактап айтканда мыйзамдар жана башка ченемдик укуктук

актылар Конституцияга карама – каршы келген учурда, аларды конституцияга ылайык эмес деп табуу жөнүндөгү иштерди гана карай алат.

Ошондуктан М. Нуржанованын мыйзамдуу өкүлү Т.Боргемиковтун өтүнүчүндө коюлган көзөмөл иретинде арыз келтирүүгө даттануу мөөнөтүн калыбына келтирүү талабы Конституциялык соттун өндүрүшүндө каралууга жатпайт.

Жогоруулардын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамынын 28 – беренесинин 3 – бөлүгүнүн 4 – пунктун жана 5 – бөлүгүн жетекчиликке алып судьялар коллегиясы

**а н ы к т а д ы**

1. М. Нуржановнанын мыйзамдуу өкүлү Т. Боргемиковдун өтүнүчү өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылсын.
2. Кайрылуу жана ага тиркелген материалдар кайтарылып берилсин.
3. Аныктама Конституциялык палатага даттанылышы мүмкүн.

**Судьялар коллегиясы:-** **Ж.М. Макешов,**

**М.Ш. Касымалиев,**

**А.О. Нарынбекова,**